**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы №01 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Жамалдин Оморовдун даттануусун кароо жөнүндө

# ТОКТОМУ

2017-жылдын 16 - марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин, соттук отурумдун катчысы М.Э. Төлөбалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө Жамалдин Оморовдун даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Жаран Жамалдин Оморовдун даттануусун жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө Ж. Оморовдун өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуучу өтүнүчүндө 2012-жылдын 11-апрелиндеги Ош областтык Кара-Кулжа райондук сотунун токтомуна жана 2012-жылдын 20-сентябрындагы Ош областтык сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын өкүмүнө наразычылыгын билдирип, көзөмөл иретинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылганын көрсөтөт.

Келтирилген көзөмөл арызынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы, коллегиянын соттук жыйналышын 2012-жылдын 20-декабрына дайындоо тууралуу 2012-жылдын 16-ноябрында токтом кабыл алгандыгын, аталган токтомдун 2-пунктуна ылайык, сот жыйналышы боло тургандыгы жөнүндө айыптоочу жана жактоочу тараптарга кабар берилсин деп көрсөтүлгөндүгүн, бирок арызданууучуга жана анын жактоочусуна эч кандай кабар келбегендигин, анын натыйжасында арызданууучу жана анын жактоочусу сот отурумуна катышпай калышканын билдирет. Ошондон улам, жогоруда аталган Ош областтык сотунун өкүмү жокко чыгарылып, Кара-Кулжа райондук сотунун токтому күчүндө калтырылганын, ал эми

арызданууччунун көзөмөл арызы канааттандырыуусуз калтырылганын белгилейт.

Мындан сырткары, арызданууччу, райондук жана областтык сотторунун актылары менен укугу бузулган жарандар, мыйзам чегинде өз укуктарын коргоо максатында көзөмөл иретинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылууга мажбур болушат деп көрсөтөт. Бирок көзөмөл арыздары боюнча сот отуруму кайсыл күнү боло тургандыгы тууралуу маалыматты алышпай, сот отурумуна катышпай калышып, ошонун кесепетинен Жогорку соттун судьялары Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүн жетекчиликке алып, ишти бир тараптуу карап, мыйзамсыз актыларды кабыл алып жаткандыгын билдирет.

Ошондой эле кайрылуучу, Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 125, 126 - беренелерин мисал катары белгилеп, анда чакыруу катты жана кабарды тараптарга жеткирүү тартиби так жана мазмуну түшүнүктүү көрсөтүлгөнүн, ал эми Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин конституциялуулугун талашып жаткан ченемдин жобосунда көзөмөл инстанциясындагы сотто ишти карай турган күн жана убактысы жөнүндө тараптарга маалыматты жеткирүү жана ошол маалыматты албагандыгы жөнүндө так жана мазмундуу тартиби көрсөтүлбөгөнүн белгилейт.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүндөгү «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесин, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8, 9-пункттарын, 28-беренесинин

2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, кайрылуунун мазмуну жана таризи «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Аталган конституциялык мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитет жана бул берененин 8, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери, кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Мындай талаптар өз учурунда, конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдин жобосу тууралуу кайрылуучунун шектери объективдүү негиздемелер менен чыңдалышы жана так айкындалышы керек экендигин билдирет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 25-сентябрындагы токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган абстракттуу конституциялык көзөмөл конкреттүү окуядан тышкары ченемдик укуктук актынын же анын ченеминин конституциялуулугун текшерүү, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө көрсөтүлгөн адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин талаш туудурган ченем козгогон учурда гана мүмкүн экендигин белгилейт.

Ал эми жаран Ж.Оморов конституциялуулугу талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен белгиленген адамдын жана жарандын кайсыл укуктарын жана эркиндиктерин кантип бузуп жаткандыгын конкреттүү түрдө көрсөткөн эмес.

Мындан тышкары, судьялар коллегиясы кайрылууда көрсөтүлгөн жүйөөлөрдү изилдеп чыгып, талашып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жок экендигин белгилейт. Ал эми, жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, күмөндүүлүктүн пайда болуусу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында каралуучу иштин негизи болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кабыл алган.

Ж.Оморов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 10-январындагы №01 аныктамасы менен макул болбостон Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 14-февралында даттануу менен кайрылган.

Даттанууда арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы, ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген укуктук жобосун судьялар жетекчиликке алып, тараптардын бирөөсүн соттук процесске катыштырбаганы сот адилеттигин ишке ашырууда адамдын жана жарандын сырттан жүргүзүлгөн эмес, ачык соттук териштирүүгө, соттук процесске катышууга жана сот өндүрүшүндө атаандаштык жана тең укуктук шарттарына ээ деген Кыргыз Республикасынын Конституциясында көрсөтүлгөн укуктардын бузулушуна алып келет жана бул укуктардын бузулушунун натыйжасында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган ар бирөөнүн пайдубалдык укугу катары бекитилген соттук коргонуу укугу чектелет деп белгилейт. Ушул себептен, Ж. Оморов өзүнүн өтүнүчүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген адамдын жана жарандын кайсыл укуктары жана эркиндиктери кантип бузулуп жатканы конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн

деп, жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууда анын маани-маңызына терең баа бербей чыгарган тыянагы негизсиз деп эсептейт.

Мындан тышкары, Ж.Оморов судьялар коллегиясынын анын өтүнүчүндө талаш болуп жаткан укуктук ченемдин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянагы менен макул болбой, анын өтүнүчүндө көрсөтүлүп жазылгандарга караганда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары ишти кароодо аны жана анын адвокатын катыштырбай, алардын конституциялык укугун бузуп ишти караганы, сот акыйкаттыгынын принциптерин, адамдын жана жарандын укуктарын сактабастан, сот адилеттигин ишке ашырууга жол берген Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорунда күмөндүүлүктүн бар экендигин белгилейт.

Баяндалгандын негизинде, Ж.Оморов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 10-январындагы № 01 аныктамасын жокко чыгарууну жана Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 378-беренесинин 2-бөлүгүнүн «Тараптардын келбей калышы ишти карап чыгууга тоскоолдук кылбайт» деген ченемдик жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүгүнө, 99-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 101-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таап берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызыдануучунун жүйөөлөрүн жана судьялар коллегиясынын өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келди.

Сот өндүрүшүнүн тараптардын атаандаштыгынын жана тең укуктуулугунун негизинде жүзөгө ашырылышын кепилдеген

конституциялык принциптерди жана иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө тууралуу жазык процессинин принциптерин ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик мыйзамы соттук териштирүүдө тараптардын катышуу тартибин бекиткен.

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин талаптарына ылайык сотто ишти териштирүү тараптардын катышуусу менен жүргүзүлөт. Ошол эле учурда аталган мыйзамдын талашылып жаткан ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна ишти тараптардын катышуусуз кароого мүмкүндүк берет. Ушул себептен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы кайрылуучу Ж.Оморов коюп жаткан маселеде ченемдик жобонун Конституцияга ылайык келеринде күмөн бар экендигин белгилейт.

Кайрылуучу Ж.Оморовдун өтүнүчү “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык мыйзамдын 24, 25, 28- беренелеринин талаптарына жооп бергенине байланыштуу, Ж.Оморовдун өтүнүчү конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алынууга жатат.

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Жаран Жамалдин Оморовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жаран Жамалдин Оморовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 10-январындагы №01 аныктамасына келтирилген даттануусу канаттандырылсын, анын өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлгандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**